**К.Карасаев атындагы БГУнун аспиранты Мустафа Йылмаздын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган «Кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары» деген аталыштагы кандидаттык диссертациясына**

**ЖЕТЕКЧИНИН ПИКИРИ**

Кыргыз-түрк элдери түбү бирге туушкан элдерден болгондуктан алардын фольклорунда, акындар чыгармачылыгында жалпы эле көркөм сөз өнөрүндө жалпылыктар ошол эле учурда түрдүү жагдайларга ылайык айырмачылыктар да көп экендигин белгилөөгө болот. Аталган кандидаттык диссертацияда эки элдин тутунуп келген диндерин, ишеним-жөрөлгөлөрүн, элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн, төкмө акындардын чыгармаларын салыштыра талдоо ишин колго алган. Ишти жазууда кыргыз жана түрк элдеринин оозеки чыгармачылыгындагы диний ырлардын жаралуусун, жанр катары калыптанышын, табиятын талдоого алуу менен эпикалык чыгармалардын курамындагы көркөм функциясын белгилөөнү, эки элдин акындар чыгармачылыгындагы диний мүнөздөгү ырларды салыштырма планда талдоого алуу менен жалпылыктарды, окшоштуктарды аныктап, айырмачылыктарын табууну максат кылган. Бул максатты иш жүзүнө ашырууда диссертант бир нече милдеттерди алдына коюп, 2 бөлүмдө, 6 параграфта иш алып барган.

Иштин биринчи бөлүмү диссертациялык иштерди жазуу тууралуу жобонун талаптарына ылайык “Кыргыз жана түрк элдеринин диний ырлары: илимий- теориялык, методологиялык негиздер” деп аталып, кыргыз-түрк дин ырларынын изилдениш тарыхы, методологиялык негиздери, дин ырларынын табияты, эволюциясы тууралуу илимий-теориялык маселелери, кыргыз-түрк эпикалык чыгармаларындагы диний ырлардын орду жана мааниси сындуу бир катар проблемалар талдоого алынып, диссертанттын жыйынтыктуу пикирлери ортого коюлат. Биринчи бөлүмдүн жыйынтыгында кыргыз-түрк адабиятындагы башкы айырмачылык эки элдин адабиятын мезгилдештирүүдө

экендигин, совет мезгилинин тушунда кыргыз адабиятын изилдөөдө диний ишенимдер четке кагылып, атеисттик мүнөз күткөнүн, ал эми түрк акындар чыгармачылыгынын пайда болушунда диндин таасири күчтүү экенин ж.б. бир катар айырмачылыктарды белгилейт.

Иштин экинчи бөлүмү “Кыргыз жана түрк акындык өнөрүндөгү диний мотивдер” кыргыз-түрк акындык өнөрүндөгү диний ырлардын жаралыш себептери жана орду, замана акындары жана алардын диний түшүнүктөрүндөгү жалпылыктар, диний ырлардын көркөм эстетикалык бөтөнчөлүктөрү талдоого алынат.

Корутунду бөлүмүндө диссертант элдин байыркы ишенимдерине негизделип, айтымдар катары жаралып, кийин акындар чыгармачылыгында өзүнчө бир тематикага айланган чыгармачылык түр катары кыргыз-түрк адабиятында жашап келе жатканын, ал элдердеги географиялык, нарк-нускалык, көркөм поэтикалык өзгөчөлүктөргө ылайык айырмачылыктары, окшоштуктары боюнча жыйынтыктуу пикирлер айтылат. Жалпы жонунун аталган диссертациялык иш койгон максат, милдеттерин толук аткара алган. Иштин илимий-теориялык деңгээли УАКтын кандидаттык диссертацияга койгон талаптарына жооп берет. Ишти коргоого сунуш кылууга болот.

Илимий жетекчи А.Акматалиев